# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

Копиясы анык.
Окуу кеңешинин катчысы
Джумаева Ж.Т.

Атайын чыгарылыш
Специальный выпуск

2017

# Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК Ошского государственного университета

***Ыйман, адеп жана маданият жылына арналган***
***Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары***

**Атайын чыгарылыш (8), 2017**

**ISSN 1694-7452**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

***Ыйман, адеп жана маданият жылына арналган***
***Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары***

**Атайын чыгарылыш (8), 2017**

**Илимий журнал Кыргыз мамлекеттик китеп палатасынан 2000-жылдын 28-декабрынан каттоодон өткөн.**

Жыйнакка кирген материалдар автордук редакцияда жарыяланды. Макаланын мазмуну жана шексиздиги үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт. Редакциянын пикири макалалардын авторунун пикири менен дал келбеши мүмкүн.

Жыйнактын электрондук версиясын www.oshsu.kg. сайттары аркылуу эркин кирип көрүүгө болот.

**ОшМУнун редакциялык-басма кеңешинин чечими менен басууга сунушталды**

***Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу**

УДК 370:947.1 (575.2)

Зулуев Б. - (ОГПИ)
Зулуев Б. - (ОГПИ)
Zuluyev B. -(OGPI)

# НУРМОЛДОНУН ПЕДАГОГИКАСЫ
# ПЕДАГОГИКА НУРМОЛДО
# PEDAGOGY OF NURMOLDO

***Кыскача мазмуну:*** *Макалада Наманган шаарындагы Молдо Кыргыз медресесинен билим алып, айылдарда кыргыз балдарын окутууга, тарбиялоого чоң салым кошкон Нурмолдонун педагогикасынын мазмуну, формалары тууралуу сөз болот.*

***Аннотация:*** *Встатьеповествуется о формахисодержаниипедагогики Нурмолдо, воспитанника Наманганского медресе Кыргыз Молдо, который внес большой вклад в воспитание и обучение сельских кыргызских детей.*

***Abstract:*** *The article describes the forms and content of pedagogy Nurmoldo, a pupil of the Namangan madrassa of the Kyrgyz Moldovan Republic, who made a great contribution to the upbringing and education of rural Kyrgyz children.*

***Ачкыч сөздөр:*** *диний билим, молдо, газел, олуя, афсун, мектеб.*

***Ключевые слова:*** *религиозное образование, мулла (мусульманский священник), афсун (заклинание), мектеб (школа). олуя (святой), газель (восточныестихи).*

***Key words:*** *religious education, mullah (Muslim priest), apsun (spell), mekteb (school), oluya (saint). gazelle (oriental verses).*

Наманганадагы Молдо Кыргыз медресесинен билим алгандагы бир залкар акын Жеңижок Өтө уулу болгон. Аладеген де айылдык молдодон окуп, андан кийин Молдо Кыргыз медресесине келип, эки жыл билим алат. Анын мудариси Нурмолдо болгондугу, аныга жети түрдүү билим бергендиги айтылат.

Алиппени үйрөтүп,
Арабчаны сүйлөтүп,
Кат жаздырып көрдүңүз,
Кош-коштамгасыздырып.
«Ажынаам» атүгүл,
Айттырдыңыз түз кирип.
Не десеңиз, ошону
Ниет кылдык биз билип, - деп ырдаган Жеңижок атактуу мударис Нурмолдо тууралуу кийин.

Абдан көп адабияттарда Намангандагы Молдо Кыргыз медресеси 1912-жылы ачылган деп жатканы бул анын кийинки имараты тууралуу гана окшойт деп болжолдоого болот, а чынында бул медресе андан мурда эле болгон сыяктанат. Мына ошол медреседе билим алган Күсөй да Таластан келген, акындык өнөрү бар, өз кезегинин билимдүү адамы болгон, ажылык парзын аткарган, элге-журтка өтө кадырлуу динчил киши экен деп айтууга негиз берет.

С.Байгазиев Молдо Кыргыз медресесине Арстанбек Буйлаш уулу да барганын, «кызыл тилин сайратып, акындык өнөрүн көрсөткөндүгүн» айтат, ал 1824-жылы туулган болсо, болжолу, 1840-1845-жылдарда Намангана барган болуп эсептелет, анда 1838-жылы туулган Нурмолдо али медресеге бара элек кези болот, демек, экөө жолугушкан эмес, кийин гана Нурмолдо:

Буйлаш оглу Арстанбек,
Бул акындын арстан деп,
Молдо Кыргыз медресе,
Мударистери айткан геп[1, 196], - деп ырдаганына караганда Арстанбек акынды мударистер жакшы билген жана ал тууралуу айтып жүргөн.

Бул медресенин иштей баштaшы К.Рыскуловдун пикири боюнча XVII кылымдын 2-жарымына туура келет. Аны негиздеген киши XVI-XVI кылымга таандык деп эсептелип жүргөн «Маджму-ат таварих» («Тарыхтар топтому») деген кол жазма китептин автору Молдо Сайпидин (Сайф ад-Дин) Аксыкентинин небереси Кыргызбай деген болгон. Ал ата-бабалары жайлаган Чанач, Миң-Жашар сайынан миң түп карагай кестирип, устун, сарап, торсун, увасажуп, паштаң чаптырып туруп, ат, төө, өгүз арабалар менен ташытып, Наманган калаасына балаканалуу медресе имаратын курдурат[2, 576]. Айтылган пикирге караганда Кыргызбай молдо балдарга «Маджу-ат таварих» китебинен окуп берип турган. Ал эми бул китепте кыргыз элинин санжыралары, кидандардын (кара кытайлардын) азыркы Орто Азиягажасаган чабуулу жана аларга каршы жергиликтүү элдин күрөшү,«Манас» эпосу, анын башкы каармандары тарыхый инсандар болгондугу тууралуу маалыматтар берилген.

Медресе талабалары мусулмандардын ыйык китеби курандан, Мухаммед пайгамбардын осуяттары жазылган жалаң дидактикалык маанидеги хадистерден, «Аптиек», «Сопалдияр», «Чаар китеп» өңдүү диний адабияттардан, Асан кайгы, Кулкожо Акмат (Ахмат Яссавий), Машраб, Рабгузий сыяктуу жергиликтүү акындардын чыгармаларынан, «Кабус-наама», «Калила менен Димна», «Тотунаама», «Зафарнаама», «Бабурнаама» сыяктуу чыгыш кара сөз баяндарынан, «Лайли, Мажнун», «Хосров, Ширин», «Шахнаама» дастандарынан, «Миң бир түн» сыяктуу жомоктордон таалим-тарбиялык угуттарды алып, көркөм өнөр эмне экендигин түшүнгөн. Молдо Кыргыз медресесинде «Бабурнаама» түп нускада окутулгандыгы, Нурмолдо Фара бийдин (Аль-Фараби), Фирдоусинин, Низаминин, Жаминин, Саадинин, А.Навоинин чыгармаларын окуп, а түгүл байыркы грек ойчулдары Платон, Аристотель сыяктуулардын мурастары менен тааныш экендиги, өзүнүн да ондой кол китеби болгондугу тууралуу маалыматтар айтылат.

Кыргыз адабиятынын материалдарын балдарга окутуу медреселерде эле ишке ашкандыгын Наманганда Молдо Кыргыздын, Кочкордо Канаат хандын, Ошто Алымбек датканын, Ала-Букада Нурмолдонун ж.б. адамдардын медреселеринин окутуу мазмунунан байкалат. Өзгөчө XX кылымдын башында Чүйдө Шабдан баатыр, Дүр Сооронбай уулу, Чолпонкул Тынаалы уулу, Ак-Талаада Калпа ажы, Нарында Алай болуш, Касымалы манап, Жумгалда Байзак Тооке уулу, Курман манап, Тоңдо Сагаалы Малиев «жаңы метод» («усули-жадид») менен билим берген окуу мекемелерин ачкан. Аларда кыргыз фольклору, акындардын жазуу түрүндөгү чыгармалары, мисалы, ошол убакта Молдо Кылычтын «Буудайык», «Канаттуу», «Бүркүттүн тою» деген сыяктуу философиялык-этикалык чыгармалары, Тоголок Молдонун поэмалары, тамсилдери окуу процессинде орун алган, бул чыгармаларды шакирттер жана алардын устаттары колдон колго көчүрүп, эл арасына тараткан жана жалпы элдик адабиятка айланып кеткен. «Нурмолдонун мектебинен окугандарына 25-30 жылдан ашык убакыт өтсө да, 40-жылдары шакирттеринин күнү бүгүнкүдөй жатка айтышкандарына караганда, нускоолор сабактар учурунда балдар үчүн абдан кызыктуу жүрүп, кийин эстен чыккыс болуп сакталган экен» – деп жазат С.Байгазиев. - Чынында эле, «Нурмолдонун нускоолорунун» мазмуну абдан кызыктуу. Таанышып көргөндө, нускоолор элдик тажрыйбалардан келип чыккан нуска сөздөрдөн, накыл кептерден, макал-ылакаптардан, даанышман афоризмдерден, учкул сөздөрдөн, адеп-ахлак насааттарынан, философиялык кыска жана нуска ойломдордон турган материалдардын топтомдору болуп чыкты. Бүгүнкү түшүнүк менен айтканда Нурмолдонун «нускоолор сабагын» азыркы ЖОЖдордо жана мектептерде өтүлүп жаткан этика сабагы же адеп-ыйман сабагына окшош деп айтса болот. Нускоолор сабагында Нурмолдо заманынын ачкычын, тилин таба турган адамга коюлуучу шарт – адамгерчиликтүүлүк («адамгерчилик – шартнаама, аксымданып аттаба») деген жалпы идеясын чечмелеп, жүзөгө ашыруунун үстүндө иштеген өңдүү. Балдарга жөнөкөй жүрүш-турум эреже-этикеттеринен тартып, адамдык адеп-ахлактын бийик нормаларына чейин асыл дөөлөттөр, даанышман акыл-кеңештер, ой берметтери нускаланган»[3, 38].

Андан ары адабиятчы Нурмолдонун мындай дидактикалык саптарын мисал катары көрсөтөт:

Каргалардын арасында
Шумкар карып.
Качырлардын арасында
Тулпар карып.
***
Жериңди сатканың
Элиңи сатканың.
Келечегиңи атканың.
***
Атаң карыса күң алдырба,
Энең карыса күл алдырба.
***
«Бирөөгө жамандык салганың –
Өзүңдү бутуңан чалганың».
***
Бакыт чыгаандардыкы:
Бир жеңден кол,
Бир жакадан баш чыгаргандардыкы.
***
Адамгерчиликтен чектелгениң,
Элден ажырап жектелгениң.

С.Байгазиев нускоочу акындын эл арасына тараган мындай айтымдарын келтирет:

Мына септим ууч тап:
Жылуу жерден конуш тап.
Бул – жетим-жесирге,
Мунусу – карып мискинге,
Бу – ач-арыкка,
Мунусу – алсыз карыпка.
Булары – курт-кумурскага,
Мунусу – сурамчыга,
А бул – тилемчиге.
Булары – саламчыга.
Калгандары
Сизге, бизге, мага.

«Балдар Нурмолдонун нускоолорунан таалим-тарбия сабагын алып чыгышкан жана ал сабактар шакирттердин адеп-ахлак жактан тотугушуна, телчигишине өзүнүн ургалдуу таасирин тийгизбей койбогон» (С.Байгазиев)[3, 40].

Ошентип, Нурмолдонун педагогикасы төмөнкүлөр менен байланыштуу болгондугун айта кетүүгө тийишпиз:

- эң оор шартта, дээрлик массалык билимсиздик учурунда кыргыз айылдарына мектеб-медреселерди ачып, элдин сабатын көтөрүүгө аракет кылган;
- кыргыз жаштарын билимдүү кылуу үчүн өзү көп жерлерди кыдырып, илим-билим үйрөнүп келген;
- балдарга кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, төкмө акындардын ырларын үйрөткөн;
- талабалардын курак жана кызыгуу өзгөчөлүктөрүнө ылайык этикалык-дидактикалык чыгармаларды жазып, аларды кол китеп түрүндө таратып, жалпы коомду агартууга, тарбиялоого салым кошкон;
- ислам дининин окуусун кыргыз элдик педагогикасы менен байланыштырган;

- элдик оозеки адабияттын үлгүлөрүн кайра иштеп чыккан жана фольклордук чыгармаларды жыйноого катышкан;
- кыргыздар арасында жазуу маданиятынын, илим, билим берүү тармагынын калыптануусуна өзгөчө салым кошкон.


**Адабияттар:**

1. Байгазиев С. Цивилизация жана Ата журт тагдыры. – Б.: 2008. –798 б.
2. Рыскул тегин К. Нурмолдо жана биздин таржымалыбыз // китепте: Нурмолдо. Чыгармалардын 1 томдугу. – Б.: 2003. – 576-б.
3. Байгазиев С. Нурмолдо – XIX кылымдын тунгуч агартуучусу жана даанышман педагогу [Текст] С.Байгазиев. – Б.: 2005. –40-б.



**УДК: 39: 398.22:371.036**



**Колдошев М.– (ОшМУ)**
**Колдошев М. – (ОшГУ)**
**Koldoshev M.– (OshSU)**


## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН САЛТТУУ ЖӨРӨЛГӨЛӨРҮ “МАНАСТА” ЖАНА ТАРБИЯ
## ТРАДИЦИОННЫЕ ОБЫЧАИ КЫРГЫЗОВ В ЭПОСЕ «МАНАС» И ВОСПИТАНИЕ
## TRADITIONAL CUSTOMS OF KYRGYZ PEOPLE IN THE EPIC “MANAS” AND EDUCATION


***Аннотация.*** *Макалада кыргыз элинин салттуу жөрөлгөлөрү тууралуу кеп жүрөт. Аталган жөрөлгөлөрдүн элдин турмушундагы карым-катыштарды, мамилелерди орнотуудагы ээлеген орду талдоого алынат.*

***Аннотация.*** *В данной научной статье рассказывается о традиционных народных обычаях кыргызов. Она анализирует место и роль рассматриваемых обычаев в установлении рациональных отношений в разнообразных жизненных ситуациях.*

***Abstract.*** *This article describes the traditional folk customs of the Kyrgyz people. It analyzes the place and role of the customs considered in establishing rational relations in a variety of life situations.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *жөрөлгө, салт, кудалашуу, соопчулук, нике.*

***Ключевые слова:*** *обычай, традиция, установление сватовства, доброе дело, бракосочетание,.обряд.*

***Keywords:*** *custom, tradition, establishment of matchmaking, good deed, marriage, rite.*


Салттуу жөрөлгөлөрдүн кыргыз элинин жашоо-турмушунда ээлеген орду жана мааниси тууралуу “Манас” эпосунун мазмунуна кайрылуу аркылуу белгилүү деңгээлде түшүнүк алуу мүмкүн. Сөздүктө: **Жөрөлгө** 1. Илгертен бери келаткан, элге кеңири белгилүү көнүмүш болуп калган каада, адат, салт, шаан-шөөкөт, ырым-жырым. 2. Эң биринчи демилге, иштин башталышы, иш башы, элге башкаларга үлгү болуучу, колдоого алынуучу саамалык, - деп түшүндүрмө берилген. [3:486]

Манас баатырдын жары болуу алдында Каработкту көчүрүүдө аны сегиз миң кыз-келин коштоп, анын бөтөн элге келин болуп кетип жаткандагы аялуу көңүлүн улашып, ушундай коштоосунан алардын Каработкту баалагандыктарын жана барган жеринде ак этеги агарып бакыт табуусун тилегендиктери баамдалат:

Сегиз миң катын аттанып,
Кыз көчүрүп жол-жолдон, [4:324]

Келин көрүү каадасын кылышып, Чыйырды эне жаңы келген келини үчүн сүйүнүп, жүрөгү элеп-желеп болуп, көрүндүгүнө эң баалуу белегин - жамбыны алып, барып келин көрүүгө Бакдөөлөт да камданып, айылдагы катын-кыздардын баары Каработкту көрүүгө барышып, көрүндүгүнө баалуу белектерин тартуулашат. Көргөнү баргандардын баарысын куру кайтарбай, алардын кары-жашына карай жолун кылгандыгы, б.а. акча, сыйлуу буюм-тайым тартуулагандыгы, үстүнө тон жапкандыгы, наркуу иш кылып күтүнгөндүгү